**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук статистика**
**комитети**

**Национальный**
**статистический комитет**
**Кыргызской Республики**

# Кыргыз Республикасындагы баалар

## I-II квартал

**Кварталдык чыгарылыш**

# 2017

# Цены в Кыргызской Республике

## I-II кварталы

**Квартальная публикация**

**Кыргыз Республикасынын**
**Улуттук статистика комитети**

---

# Кыргыз Республикасындагы баалар

# 2017

## I-II квартал

**Кварталдык чыгарылыш**

**Бишкек 2017**

## *Кыргыз Республикасындагы баалар*

Редакциялык-басмалык кеңеш:
Төрага - А. Султанов
Мүчөлөр: - А. Оросбаев,
- Л. Текеева,
- Б. Касымбеков,
- Ч. Турдубаева,
- В. Бирюкова

Бул чыгарылышка байланыштуу маалыматтар үчүн төмөнкү дарекке кайрылыңыздар:
Бишкек ш., Фрунзе көч., 374,
телефон: 996 (312) 625825; факс: 996 (312) 660138; интернет: www.stat.kg
e-mail: nsc_mail@stat.kg.
Кыргыз Республикасынын Улуттук статистика комитети
Баалардын статистикасы бөлүмү

***«Кыргыз Республикасындагы баалар»*** чыгарылышы 2016-2017-жылдардагы керектөө товарларынын, өндүрүүчүлөрдүн продукцияларынын бааларынын жана тарифтеринин деңгээли жана индекстери жөнүндө кварталдык маалыматтарды, ошондой эле кыскача методологиялык түшүндүрмөлөрдү камтыйт. Квартал сайын чыгарылат.

Тираж: 12 нуска

Бул басылманын электрондук версиясы да бар.

Статистикалык маалыматтарды колдонуучуларга сатууга же кимдир бирөөгө Улутстаткомдун макулдугусуз берүүгө (Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик статистика жөнүндө” Мыйзамынын 17-беренеси) тыюу салынат. Кайра басып чыгаруу, которуу жана үзүндүлөрдү мисал келтирүүдө пайдалануучу булакты көрсөтүү менен колдонсо болот.

**Шарттуу белгилер:**

- \- кубулуш болгон эмес;
- ... маалымат жок;
- 0,0 көрсөткүчтүн мааниси өлчөөнүн бирдигинен аз.

Жыйынтыктын кошулган суммалардан бир аз айырмачылыктары алардын тегеректелиши менен түшүндүрүлөт.

# Мазмуну


**Кириш сөз** **5**

**2017-жылдын I жарым жылдыгындагы Кыргыз Республикасындагы товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн бааларынын өзгөрүшү туралуу** **6**

**I. Керектөө рыногундагы баалардын деңгээли жана динамикасы**

1.1-таблица Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөө бааларынын индекстери 12

1.2-таблица Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөө бааларынын индекстери 2010=100 14

1.3-таблица Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөө бааларынын индекстери Баткен облусу боюнча 16

1.4-таблица Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөө бааларынын индекстери Жалал-Абад облусу боюнча 18

1.5-таблица Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөө бааларынын индекстери Ысык-Көл облусу боюнча 20

1.6-таблица Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөө бааларынын индекстери Нарын облусу боюнча 22

1.7-таблица Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөө бааларынын индекстери Ош облусу боюнча 24

1.8-таблица Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөө бааларынын индекстери Талас облусу боюнча 26

1.9-таблица Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөө бааларынын индекстери Чүй облусу боюнча 28

1.10-таблица Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөө бааларынын индекстери Бишкек шаары боюнча 30

1.11-таблица Товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөө бааларынын индекстери Ош шаары боюнча 32

1.12-таблица Аймактар боюнча товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөө бааларынын индекси 2010=100 34

2.1-таблица Азык-түлүк товарлардын айрым түрлөрүнүн орточо керектөө баалары Кыргыз Республикасы боюнча 35

2.2-таблица Азык-түлүк эмес товарларынын айрым түрлөрүнүн орточо керектөө баалары Кыргыз Республикасы боюнча 36

2.3-таблица Алкоголдук ичимдиктер жана тамекинин айрым түрлөрүнүн орточо керектөө баалары Кыргыз Республикасы боюнча 37

2.4-таблица Кызмат көрсөтүүлөрдүн айрым түрлөрүнүн орточо керектөө тарифтери Кыргыз Республикасы боюнча 37

**II. Өнөр жайдын бааларынын динамикасы**

3.1-таблица Өнөр жай продукциясын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекстери 38

3.2-таблица Өнөр жай продукциясын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекстери 2010=100 39

3.3-таблица Өнөр жай продукциясын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси аймактар боюнча 40

3.4-таблица Өнөр жай продукциясын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси аймактар боюнча 2010=100 40

**III. Айыл чарба бааларынын динамикасы**

4.1-таблица Сатып өткөрүлгөн айыл чарба продукциясын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекстери
Мурунку жыл=100 41

**IV. Жүк ташуу жана байланыш тейлөөлөрүнүн тарифтеринин динамикасы**

5.1-таблица Транспорттун негизги түрлөрү менен жүк ташуу тарифтеринин индекстери 42

5.2-таблица Транспорттун негизги түрлөрү менен жүк ташуу тарифтеринин индекстери
2010=100 42

6.1-таблица Ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга көрсөтүлгөн байланыш кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифтеринин индекстери 43

6.2-таблица Ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга көрсөтүлгөн байланыш кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифтеринин индекстери
2010=100 43

**V. Эл аралык салыштыруулар**

7.1-таблица КМШ өлкөлөрүндөгү айрым керектөө товарларынын орточо баалары 2017-ж. июнь айында
улуттук валютада 44

7.2-таблица КМШ өлкөлөрүндөгү айрым керектөө товарларынын орточо баалары 2017-ж. июнь айында
АКШ доллары менен 45

**Кыскача методологиялык түшүндүрмөлөр** **46**

**Кириш сөз**

***«Кыргыз Республикасындагы 2017-жылдын I-II кварталындагы баалар»*** чыгарылышын керектөө рыногундагы товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн баалары менен тарифтеринин деңгээли менен өзгөрүүсүн мүнөздөгөн негизги көрсөткүчтөрү, өнөр жай продукциясын өндүрүүчүлөрдүн жана сатып өткөрүлгөн айыл чарба продукциясынын бааларынын индекси, байланыш жана жүк ташуу кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтеринин индекси жөнүндө маалыматтарды камтыйт. Бул маалыматтар жалпы республика боюнча келтирилгендей эле, бүт облустар жана Бишкек шаары боюнча дагы көрсөтүлгөн. Ошондой эле КМШ өлкөлөрүндөгү керектөө товарларынын негизги түрлөрүнө болгон орточо баалардын деңгээли жөнүндө маалыматтар чагылдырылды.

## 2017-жылдын I жарым жылдыгындагы Кыргыз Республикасындагы товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн бааларынын өзгөрүшү тууралуу

Үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында керектөө бааларынын өсүүсү жалпы республика боюнча 2,8 пайызды түздү, муну менен 2016-жылдын январь-июнунда алардын, тескерисинче, 1,8 пайызга төмөндөшү белгиленди. Үстүбүздөгү жылдын I кварталында алардын эң көп интенсивдүү өсүүсү (2,1 пайызга) байкалган, ал эми ү.ж. II кварталында алардын өсүшү 0,7 пайызды түздү.

**1-таблица: I жарым жылдыкта керектөө бааларынын индекстери**

*(пайыз менен)*

| | Июнь мурунку жылдын декабрына карата | | I жарым жылдыктын орточо айлыгында өсүү (төмөндөө) темпи | |
|---|---|---|---|---|
| | **2016** | **2017** | **2016** | **2017** |
| **Бардык товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр** | **98,2** | **102,8** | **99,7** | **100,5** |
| Товарлар | 97,6 | 102,6 | 99,6 | 100,4 |
| Тамак-аш азыктары жана алкоголсуз суусундуктар | 95,1 | 105,2 | 99,2 | 100,8 |
| Алкоголдук ичимдиктер, тамеки | 102,7 | 100,7 | 100,4 | 100,1 |
| Азык-түлүк эмес товарлар | 99,6 | 99,4 | 99,9 | 99,9 |
| **Кызмат көрсөтүүлөр** | 101,4 | 103,8 | 100,2 | 100,6 |

Үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча республиканын баардык аймактарында керектөө бааларынын жана тарифтеринин жогорулашы белгиленди. Алардын эң көп өсүшү башка облустар менен салыштырмалуу Талас облусунда (5,9 пайыз) катталды. Бул чындык, негизинен тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын 11,3 пайызга олуттуу өсүүсү менен шарталды. Муну менен, ү.ж. I кварталында аларга болгон өсүш Талас облусунда 3,9 пайызды, ал эми ү.ж. II кварталында - 7,0 пайызды түзгөн.

Үстүбүздөгү жылдын январь-июнунда алкоголдук ичимдиктердин жана тамекинин баалары Нарын облусунда (8,9 пайызга), азык-түлүк эмес товарлар - Ош облусунда (3,6 пайызга) олуттуу даражада көтөрүлдү. Калка көрсөтүлгөн кызмат көрсөтүүлөрдүн тарифтери башка облустар менен салыштырмалуу эң көп Бишкек ш. (5,1 пайызга) жогорулады.

**1-график: 2017-жылдын I жарым жылдыкта керектөө бааларынын аймактар боюнча өзгөрүшү**

(*пайыз менен; өсүүсү +, төмөндөшү -*)



Үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын баалары жалпы республика боюнча 5,2 пайызга көтөрүлдү (2016-жылдын январь-июнунда алар, тескерисинче 4,9 пайызга төмөндөшү байкалган). Муну менен, тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын бааларынын өсүшү ү.ж. II кварталынан, ү.ж. I кварталында алардын темпи 1,6 пайыздык пунктка ашты.

Белгилей кетсек, мурунку жылдардан айырмаланып, тамак-аш азыктарынын жана алкоголсуз суусундуктардын бааларынын өсүшү, нан азыктары жана акшакка болгон баалар менен шарталган, анткени алардын үлүшүнө азык түлүк товарларынын үй тиричилиги үчүн керектөө чыгымдардын 39 пайызы таасир этет, үстүбүздөгү жылдын баа динамикасынын өзгөрүүсүнө жемиш жана жашылчалардын баалары таасир тийгизген.

Анда үстүбүздөгү жылдын январь-июнунда "Нан азыктары жана акшак" тобуна тиешелүү товарлардын баалары жалпы республика боюнча 0,6 пайызга төмөндөгөн. Муну менен, баалардын жогорулашы бышырылган азыктарда 4,0 пайызга, жогорку сорттогу унда - 0,3 пайызга жана биринчи сорттогу буудай унунан жасалган нанда - 0,3 пайызга белгиленди.

Муну менен катар, үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында жалпы республика боюнча жемиш жана жашылчалардын баалары 38,8 пайызга көтөрүлдү. Үстүбүздөгү жылдын башынан бери жаңы бышкан жемиштердин баалары 7,6 пайызга жогорулады, муну менен, алманын баасы үчтөн бирге көтөрүлдү. Үстүбүздөгү жылдын июнуда өткөн жылдын декабрына салыштырмалуу кургатылган жемиш жана жаңгактын баалары 2,0 пайызга төмөндөдү.

Үстүбүздөгү жылдын июнуда жаңы бышкан жашылчалардын баалары 2016-жылдын декабрынын деңгээлинен 16,4 пайызга ашты, бул ү.ж. II кварталында аларга болгон баанын 10,4 пайызга төмөндөшүнө карабастан. Үстүбүздөгү жылдын I кварталында жаңы бышкан жашылчалардын бааларынын өсүшү 30,0 пайызды түзгөн.

Үстүбүздөгү жыл ичинде картошканын баасы жогорулоонун үстүндө болгон жана үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында республика боюнча алар 2,1 эсе көтөрүлгөн. Картошканын басынын олуттуу өсүүсү мартта 21,1 пайызга жана майда - 23,2 пайызга мурунку ага салыштырмалуу байкалган.

Үстүбүздөгү жылдын январь-июнунда жаңы союлган эттин баалары 3,6 пайызга көтөрүлдү (муну менен, I кварталында алардын өсүүсү 1,6 пайызды, ү.ж. II кварталында 2,0 пайызды түзгөн). Үстүбүздөгү жылдын башынан бери уй этинин баасы республика боюнча 2,9 пайызга, жылкынын эти - 5,2 пайызга жана койдун эти - 8,8 пайызга жогорулаган. Үстүбүздөгү жылдын июнуда өткөн жылдын декабрына салыштырмалуу эттин баардык түрлөрүнүн бааларынын максималдуу өсүүсү Нарын облусунда катталды. Ошол эле убакта, уй этинин баасынын төмөндөшү Бишкек ш. (0,1 пайызга), жылкынын эти - Чуй облусунда (2,7 пайызга) белгиленген.

Үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында жалпы республика боюнча сүт жана сүт продуктуларынын баалары 7,3 пайызга, тооктун жумуркасы - 9,5 пайызга төмөндөдү. Үстүбүздөгү жылдын башынан бери сырлар 1,5 пайызга кымбаттады.

Үстүбүздөгү жыл ичинде өсүмдүк майларынын баасы дайыма ылдыйлаган жана ү.ж. июнунда өткөн жылдын декабрына салыштырмалуу 3,7 пайызга төмөндөгөн (анан ичинде пахта майы - 2,6 пайызга, күн карама майы - 4,7 пайызга). Үстүбүздөгү жылдын башынан бери күн карама майынын баасы Талас облусунда (0,2 пайызга) жогорулаган.

Үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында республика боюнча кумшекердин баасы 3,7 пайызга жогорулады, муну менен, алардын төмөндөшү ү.ж. февралында (бир пайызга), мартта (1,4 пайызга) жана ү.ж. майында (1,4 пайызга мурунку айга салыштырмалуу) байкалды. Үстүбүздөгү жылдын башынан бери республиканын баардык аймактарында кумшекерге болгон баалар жогорулды, Ысык-Көл облусун (1,7 пайызга баанын төмөндөшү) жана Ош ш. (1,2 пайызга баанын төмөндөшү) кошпогондо. Муну менен, алардын максималдуу өсүшү Чүй облусунда (9,0 пайыз) катталды.

Үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында жалпы республика боюнча *алкоголдук ичимдиктердин* баалары 4,0 пайызга төмөндөдү, ал эми *тамекилерге* алар, тескеисинче 14,7 пайызга көтөрүлдү. Муну менен, алкоголдук ичимдиктердин бааларынын өсүүсү Нарын

облусунда (8,2 пайызга), Чүй (2,4 пайызга) жана Талас (0,3 пайызга) облустарында катталды.

Үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында жалпы республика боюнча *азык түлүк эмес товарлардын* баалары 0,6 пайызга төмөндөдү. Ошол эле убакта, Талас (1,1 пайызга), Нарын (2,1 пайызга), Ош (3,6 пайызга) облустарында жана Ош ш. (3,4 пайызга) аларга болгон баанын жогорулашы катталды.

Азык түлүк эмес товарлардын негизги түрлөрүнүн бааларынын төмөндөшү менен бирге, ү.ж. башынан бери баалардын жогорулашы сааттарга 7,7 пайызга, телевизорго - 5,6 пайызга, эс алуу үчүн товарлар жана жабдууларга - 5,0 пайызга, күйүүчү-майлоочу материалга - 3,8 пайызга, айнек буюмдары, ашканалык приборлор жана үйдүн ичиндеги нерселерге - 3,6 пайызга, бут кийимге - 2,3 пайызга, фармацевтика продукциясына - 2,0 пайызга, турак жайларды күнүмдүк күтүү жана оңдоо үчүн материалдарга - 2,0 пайызга, гезиттер жана мезгилдүү басылмаларга - 1,3 пайызга, эмерек жана турмуш тиричилик буюмдарга - 0,8 пайызга белгиленди.

**2-график: I жарым жылдыкта товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөө бааларынын жана тарифтеринин негизги топтор боюнча индекстери**

*(мурунку жылдын декабрына карата пайыз менен)*




Үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында жалпы республика боюнча *кызмат көрсөтүүлөрдүн* тарифтери 3,8 пайызга жогорулады, муну менен, алардын жогорулашы республиканын баардык аймактарында байкалды. Кызмат көрсөтүүлөргө болгон тарифтердин эң жогорку өсүшү Ош облусунда (4,1 пайызга) жана Бишкек ш. (5,1 пайызга), ал эми минималдуу - Ош ш. (1,4 пайызга) катталды.

Тарифтердин жогорулашы менен катар, ү.ж. башынан бери алардын автомобиль жолдорунун (0,5 пайызга) жана темир жол (2,9 пайызга) жүргүнчү транспортуда, мейманканалык тейлөөдө (3,3 пайызга), жеке транспорт каражаттарын техникалык тейлөө жана оңдоодо (0,8 пайызга) төмөндөшү байкалды.

Үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн керектөө бааларынын максималдуу өсүшү (3,7 пайыз) КМШ өлкөлөрдүн ичинен Казакстан Республикасында катталды.

**2-таблица: КМШнын айрым өлкөлөрүндөгү керектөө бааларынын индекси**

*(пайыз менен)*

| | Июнь майга карата | | Июнь мурунку жылдын декабрына карата | | I жарым жылдыктын орточо айлык өсүү (төмөндөө) темпи | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | **2016** | **2017** | **2016** | **2017** | **2016** | **2017** |
| Кыргызстан | 100,0 | 100,4 | 98,2 | 102,8 | 99,7 | 100,5 |
| Казакстан | 100,4 | 100,4 | 104,6 | 103,7 | 100,7 | 100,6 |
| Армения | 99,5 | 99,1 | 99,0 | 101,2 | 99,8 | 100,2 |
| Беларусь | 100,4 | 100,7 | 107,4 | 103,4 | 101,2 | 100,6 |
| Россия | 100,4 | 100,6 | 103,3 | 102,3 | 100,5 | 100,4 |

Үстүбүздөгү жылдын июнунда тамак-аш азыктарынын алты негизги түрүнөн турган (килограмм уй эти, жууган май, нан, картошка, литр сүт жана он жумуртка) азык-түлүк топтомунун наркы Москва шаарында 22,86 АКШ долларын, Астана шаарында - 14,03, Бишкек шаарында - 12,19 АКШ долларын түздү.

**3-таблица: 2017-жылдын июнунда КМШнын айрым өлкөлөрүнүн борборлорундагы негизги тамак-аш азыктарынын орточо баалары жана алардын өз ара катышы**

| | Бишкек | Астана | Москва [2] |
|---|---|---|---|
| | ***АКШ доллары менен [1], килограмм, литр үчүн*** | | |
| Уйдун эти | 4,55 | 5,05 | 6,00 |
| Койдун эти | 4,49 | 5,04 | 7,43 |
| Жууган май | 4,63 | 6,42 | 12,77 |
| Пастеризацияланган сүт | 0,74 | 0,70 | 1,19 |
| Жумуртка, ондук | 0,99 | 0,83 | 1,18 |
| Биринчи сорттогу буудай уну | 0,43 | 0,45 | 0,72 |
| Биринчи сорттогу ундан жасалган нан | 0,60 | 0,44 | 0,85 |
| Картошка | 0,68 | 0,59 | 0,87 |
| | ***Пайыз менен*** | | |
| Уйдун эти | 100 | 111,0 | 141,1 |
| Койдун эти | 100 | 112,2 | 165,5 |
| Жууган май | 100 | 138,7 | 275,8 |
| Пастеризацияланган сүт | 100 | 94,6 | 160,8 |
| Жумуртка, ондук | 100 | 83,8 | 119,2 |
| Биринчи сорттогу буудай уну | 100 | 104,7 | 167,4 |
| Биринчи сорттогу ундан жасалган нан | 100 | 73,3 | 141,7 |
| Картошка | 100 | 86,8 | 127,9 |

[1] Мамлекеттердин Улуттук банктарынын курсу боюнча.

[2] Буудай унунун жана биринчи жана экинчи сорттогу буудай унунан жасалган нандын орточо баалары.

Үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында *өнөр жай товарларын жана кызмат көрсөтүүлөрүн өндүрүүчүлөрдүн* баалары жалпы республика боюнча 4,2 пайызга көтөрүлдү. Муну менен, ү.ж. II кварталында, ү.ж. I кварталындагыдай эле алардын өсүшү 2,1 пайызды түзгөн. Үстүбүздөгү жылдын февралында өнөр жай продукцияларын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын максималдуу өсүшү (1,8 пайыз мурунку айга салыштырмалуу) катталды, ал эми ү.ж. майында алардын 0,4 пайызга мурунку айга салыштырмалуу төмөндөшү байкалган.

Үстүбүздөгү жылдын башынан бери пайдалуу кендерди казуу ишканаларында өндүрүүчүлөрдүн бааларынын өсүшү 22,6 пайызды түздү. Муну менен, ү.ж. майында баалардын олуттуу секирүүсү 24,6 пайызга мурунку айга салыштырмалуу катталган, ал эми ү.ж. апрелинде жана июнунда алар, тескерисинче, 5,1 пайызга жана 3,6 пайызга (мурунку айга салыштырмалуу) жараша төмөндөгөн.

Үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында иштетүү өндүрүшүндөгү өндүрүүчүлөрдүн баалары 4,4 пайызга (2016-жылдын январь-июнунда - 1,2 пайызга) жогорулады. Муну менен, ү.ж. I кварталында алардын өсүшү 2,4 пайызды, ү.ж. II кварталында - 2,0 пайызды түзгөн. Үстүбүздөгү жылдын башынан бери өндүрүүчүлөрдүн баалары негизги металлдарды - 6,1 пайызга, жүзүмдөн жасалган шарапты - 9,1 пайызга, алкоголсуз суусундуктар жана минералдык сууларды - 10,3 пайызга, асбестцементтен жасалган буюмдарды - 10,3 пайызга, автомобилдердин бөлүктөрүн жана ага тиешелүү нерселерди - 12,0 пайызга, шекерди - 12,4 пайызга, башка машиналар жана жалпы ой жабдууларды - 12,8 пайызга, курулуш металл конструкцияларын жана буюмдарды - 19,2 пайызга, цементти - 23,4 пайызга, трикотаждан токулган байпак буюмдарын - 1,6 эсе өндүрүү ишканаларында эң

жогорку даражада жогорулады. Муну менен катар, үстүбүздөгү жылдын июнунда мурунку жылдын декабрына салыштырмалуу өндүрүүчүлөрдүн бааларынын төмөндөшү балыкты кайра иштетүү жана консервалоо - 0,7 пайызга, ун жана акшакты - 2,0 пайызга, чоподон жасалган башка курулуш буюмдарды - 2,0 пайызга, жарык берүүчү электр жабдууларын - 5,4 пайызга, кагаз жана картонду - 6,3 пайызга, кулпу жана илгичтерди - 6,6 пайызга, тамактын даамын чыгаруучу кошулмаларды - 8,1 пайызга, тазаланган мунайзатты - 10,8 пайызга, зер буюмдар, монеталар жана медалдарды - 17,0 пайызга өндүрүү ишканаларында байкалды.

**3-график: 2017-жылдагы өнөр жай товарларын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекстери**

*(мурунку айга карата пайыз менен)*




Үстүбүздөгү жылдын январь-июнунда электр энергиясы, газ, буу жана кондицияланган аба менен камсыздоо (жабдуу) боюнча ишканаларда өндүрүүчүлөрдүн баалары жалпысынан 0,3 пайызга төмөндөшү катталды. Муну менен, өндүрүүчүлөрдүн бааларынын төмөндөшү газ өндүрүү; газ менен камсыз кылуу системасы аркылуу газ отунун бөлүштүрүүдө 1,2 пайызга, буу жана кондицияланган аба менен камсыздодо (жабдуу) - 1,8 пайызга ишканаларында белгиленди. Суу менен жабдуу, тазалоо, калдыктарды иштетүү жана кайра пайдалануучу чийки затты алуу боюнча ишканаларда өндүрүүчүлөрдүн баалары 1,2 пайызга жогорулушы билгиленди.

Үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга көрсөтүлгөн *байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнүн* тарифтери жалпысынан 0,3 пайызга жогорулады. Муну менен, негизги тарифтердин өсүшү ү.ж. I кварталында байкалды, ал эми ү.ж. II кварталында - алар өзгөргөн эмес. Үстүбүздөгү жылдын башынан бери электр байланышынын тарифтери 0,3 пайызга жогорулады, ал эми почта байланышы 2016-жылдын декабрынын деңгээлинде сакталып калды.

Үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында транспорттун негизги түрлөрү менен *жүк ташуу кызмат көрсөтүүлөрүнө* болгон тарифтердин өсүшү жалпы республика боюнча 5,4 пайызды түздү. Муну менен, ү.ж. I кварталында алар 10,1 пайызга көтөрүлгөн, ал эми ү.ж. II кварталында, тескерисинче, 4,3 пайызга төмөндөдү. Жалпы багыттагы тарифтердин өзгөрүүсүнүн чындыгын аныктоочу негизги себеп болуп, ү.ж. I кварталында темир жол транспорту аркылуу жүк ташуу кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтеринин 11,1 пайызга жогорулашы жана ү.ж. II кварталында алардын 4,7 пайызга төмөндөшү менен шартталган. Үстүбүздөгү жылдын I жарым жылдыгында темир жол транспорту аркылуу жүк ташуу кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтеринин өсүшү жалпысынан 5,9 пайызды түздү. Үстүбүздөгү жылдын июнунда башка транспортор аркылуу жүк ташуу кызмат көрсөтүүлөрүнүн тарифтери мурунку жылдын декабрынын деңгээлинде өзгөрүүсүз сакталып калды.

# 1-тиркеме: Таблицалар

**Кыскача методологиялык түшүндүрмөлөр**

Азыркы учурда мамлекеттик статистика органдары тарабынан эсептелген баалардын индекстеринин системасы өз ичине керектөө рыногундагы товарлардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн бааларынын индекстерин жана тарифтерин, өндүрүүчүлөрдүн өнөр жай продукцияларынын бааларынын индекстерин, юридикалык жактарга көрсөтүлгөн жүк ташууга жана байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнө болгон тарифтерин камтыйт.

Белгилүү өкүл-товарлар боюнча баалардын индексин эсептөөдөн жана бааларды каттоодон тышкары товарлардын (кызмат көрсөтүүлөрдүн) топтору боюнча орточо баалар жана орточо баалардын өзгөрүүсү эсептелет. Муну менен, базалык ишканалардын жана өкүл-товарлардын (кызмат көрсөтүүлөрдүн) алдын-ала тандоосуна негизделген тандалма ыкманын базасында баалар маалыматын чогултуу каралат.

**Товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө керектөө бааларынын жана тарифтеринин индекси** (КБИ) - өндүрүштүк эмес керектөөлөр үчүн калк тарабынан сатылып алынган товарларга жана кызмат көрсөтүүлөргө баалардын жалпы деңгээлинин убакыт ичиндеги өзгөрүүсүн мүнөздөйт. Ал өткөн мезгилдеги (базистик) баалардын наркы боюнча товар жана кызмат көрсөтүүлөрдүн белгиленип коюлган азыркы мезгилдеги түрлөрүнүн ага болгон катышын өлчөйт.

Керектөө бааларынын индекси (КБИ) инфляциялык процесстерди мүнөздөөчү башкы көрсөткүчтөрдүн бири болуп эсептелет жана мамлекеттик финансылык, акча-насыя саясаттарын, экономикалык анализди жана экономикалык прогнозду ишке ашыруу максаттары үчүн колдонулат.

Керектөө бааларынын индексинин түзүлүш тартиби республиканын экономикасынын өнүгүү өзгөчөлүктөрүн эсепке алуу менен эл аралык стандартка туура келет.

Керектөө жыйынынын КБИсин эсептөөнүн негизинде калк тарабынан көбүрөөк пайдаланылуучу товарлар жана кызмат көрсөтүүлөр Кыргыз Республикасынын бардык аймактары үчүн бирдиктүү тандоо болуп эсептелет. Ал өз ичине 371 товарлардын жана кызматтардын аталыштарын камтыйт. Керектөө рыногундагы эркин сатылып жаткан товарлардын (кызмат көрсөтүүлөрдүн) чекене баалары (тарифтери) катталат. Конкреттүү өкүл-товарлардын (кызмат көрсөтүүлөрдүн) бардык түрлөрүнүн динамикасына жана деңгээлине керектөө баалары (тарифтери) боюнча байкоо жүргүзүү 2017 жылдын январынан баштап 18 айыл аймактарда, айыл жерлерин кошкондо жүргүзүлүп келет.Соода жана кызмат көрсөтүү чөйрөсүндөгү ишканалардын базалык тандоо жер-жерлерде жүргүзүлөт.

Агрегирлештирүү үчүн КБИни эсептөөдө калктын керектөө чыгымдарынын түзүлүшү боюнча үй чарбаларын иргеп изилдөө маалыматтарынын негизинде эсептелген салмак системасы пайдаланылат.

**Өнөр жай продукцияларын өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси** 223 таяныч (базалык) өнөр жай ишканалардын 435 котировкасын камтыган жыйындыдан өкүл-товарлар боюнча катталган баалардын негизине карай эсептелген. Ал ишкана-өндүрүүчүлөрдүн бааларынын базасында түзүлөт жана алар тарабынан чыгарылган өнөр-жай продукцияларына баалардын орточо өзгөрүүсүн мүнөздөйт.

Керектөөчүлөрдүн бардык категорияларын эсепке алуу менен ички рынокто продукцияларга сатуу учурунда иш жүзүндө пайда болгон баалар катталат. Өкүл-товарлардын катарына негизги сапаты, пайдаланылган сырьесу, материалы жана аларды даярдоодогу технологиялык процесстери жагынан жакын болгон конкреттүү буюмдар же бир түрдөгү продукциялардын тобу кабыл алынат.

Өнөр жай продукцияларын өндүрүүчүлөрдүн баа индексин түзүүдө нарк туюнтмасына карата өнөр жайдын көлөмү боюнча өткөн жыл үчүн берилген маалыматтардын негизинде салмактоо системасы каралат.

**Айыл чарба продукциясын сатып өткөрүүгө өндүрүүчүлөрдүн бааларынын индекси** менчиктин түрүнө карабастан бардык категориядагы чарбалар, айыл чарба продукцияларын бардык каналдар боюнча сатып өткөрүү бааларынын негизинде эсептелет.

Бул эсептөөнүн максаты айыл чарба продукцияларын сатып өткөрүү бааларынын динамикасын ченөө болуп саналат.

Баалар, мамлекеттик, жамааттык, дыйкан (фермердик) чарбалары жана калктын жеке көмөкчү чарбалары тарабынан сатып өткөрүлгөн айыл чарба продукцияларынын 56 түрү боюнча көзөмөлдөнөт.

Өндүрүүчүлөрдүн сатып өткөрүлгөн айыл чарба продукциясына болгон бааларынын индексин түзүүдө нарк туюнтмасына карата айыл чарба продукцияларын сатуу көлөмү боюнча өткөн жыл үчүн берилген маалыматтардын негизинде салмактоо системасы каралат.

**Транспорттун негизги түрлөрү менен жүк ташуу кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтердин индекси** транспорттун ар кандай түрлөрү менен жүк ташуу кызматына транспорттук тарифтердин өзгөрүү темпин баалоо үчүн багытталат. Ал траспорттун ар кандай түрлөрү менен жүк ташууда траспорттук мекемелердин кирешесинин өзгөрүүсүндө баанын (тарифтин) факторлорун мүнөздөө үчүн пайдаланылат. Жүк ташууга тарифтердин индекси темир жол, автомобиль, аба жана суу транспорттору аркылуу ташылуучу жүктөргө тарифтик индекстерден агрегирлештирилген катары эсептелет. Жүк ташууга тарифтердин индекси жалпы республика боюнча жүргүзүлөт.

Жол каттам түрлөрү жана транспорт түрлөрү боюнча бул жол каттамдардын түрлөрүнүн кирешелери жөнүндө өткөн жыл үчүн берилген маалыматтар базалык салмак катары пайдаланылат.

**Байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтик индекстер** байланыш кызматтарынын түрлөрү боюнча тарифтердин өзгөрүшүн баалоо үчүн багытталат. Ал белгилүү мезгил ичинде ишканаларга көрсөтүлгөн байланыштын ар кандай түрлөрү боюнча өкүлдөргө белгиленген кызмат жыйындылары боюнча тарифтердин өзгөрүүсүн өлчөйт. Байланыш кызмат көрсөтүүлөрүнө тарифтердин индекси почта жана электр байланыш кызматына тарифтердин индексинен агрегатталган катары эсептелет.

Байланыш ишканаларынын кирешелери жөнүндөгү өткөн жыл үчүн берилген маалыматтар базалык салмак катары пайдаланылат. Салмактоо системасы кирешелердин жалпы жыйындысында байланыштын айрым түрлөрүнүн салмагын аныктоону ичине камтыйт.